Турсуналиев М.Т.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# МЕКТЕПТИ ЖАСАЛГАЛООГО КОЮЛГАН ТАЛАПТАРДЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ

*Бул макалада азыркы учурдун талабына ылайык мектептерди кооздоо, жасалгалоо иштери күндөн күнгө күч алып, иш кызуу жүрүүсүнөн жана ага болгон жасалгалоо иштери тууралуу суроо талаптар болгон-дуктан зарыл болгон педагогикалык жагдайлар жазылды.*

Чындыгында эле ар бир окуучу өз мектебин сүйөт жана анын патриоту болгусу келет. Жакшы жасалгаланган кооздолгон мектепте окугусу келет. Мектеби менен сыймыктанат. Мекте-бинин жасалгасы эң мыкты болуусун каалайт жана кооздугуна кыялданат.

Мындай учурда ошол кыялкеч, коомдук иштерге активдүү катышкан, активист окуучулардын жардамы менен мектептин ИЗО сабагынын мугалими жетекчилик кылып, жасалгалоо иштерин ийгиликтүү ашырса болот. Эң алгач эскиз түзүүдөн мурда жасалгалоо иштери боло турган жерлердин шарты менен жана айлана-чөйрөсүн иликтеп, таанышып, жарыктаныштын деңгээлин аныктап талдоо жүргүзүлөт. Андан соң алгачкы эскиздердин варианттары түзүлө баштайт [1,2].

Эскиздерди түзүп жатканда анын формасы жана түсү гана сүрөттөлбөстөн, анын конструкциясынын жөнөкөйлүү-лүгүн же татаалдыгын, оордугун же жеңилдигин, кандай жердиктен (материалдан) жасалары, акча-каражатынын чыгымдары да эске алынат.

Мектептин жасалгасы ички жана сырткы болуп экиге бөлүнөт. Азыркы учурда ички жасалгалоого негизинен төмөндөгү жердиктер колдонулат: кагаз (ватман), өзү чапталуучу ар - түрдүү фактурадагы, түстөгү пленкалар, бир өңчөй түстөгү «аракалдар», ДВП листери, ар түстөгү фактурадагы ЛДСПлар, ар - түрдүү формадагы сызмалар, жээктер, жыгач рейкалары, мыктар, эмеректик шуруптар, клейлер, обой түрмөктөрү, ар түстөгү пластмасса айнектери, чоң өлчөмдөгү фотоплен-калар, банерлер, флекстер жана алюкобондор ж.б.

Ал эми мектептердин сырткы жасалгасына колдонуучу жердиктер төмөндөгүлөр болуп эсептелинет: алюкобондт, флекс, банер, органикалык ар түстөгү айнектер, синтетикалык түрдүү формадагы жана түстөгү сызмалар жана жээктер ж.б. Булар аба - ырайынын сырткы таасирлерине жакшы туруштук бере турган, чыдай турган жердиктер.

Мектептердин жасалгалоосунда көр-көм композициянын негизги закондорун эстен чыгарбашыбыз керек. Кандай гана көркөм жасалгалоо композициясы болбосун анын эң башкы жана кийинки элементтери болот. Буга да көңүл буруубуз зарыл.

Биз бардык учурда көңүл бурчу жана эске алчу нерсебиз ал мектептин рекреациясындагы жасалгалар. Андагы илинип турган чакырыктар, лозунгдар, цитаталар, окумуштуулардын, илимпоз-дордун жана жазуучулардын портрет-тери өз орду менен жайгашканы, бири-бирине шайкеш келеби, өлчөмдөрү эске алынганбы, логикалык жактан ойлонуп жайгаштырылганбы деген суроолор туулат. Ошондуктан, бардык жасалгалар кооздоо иштери жалпы тематикага баш ийиши керек. Кээде, мектептердин сырткы көрүнүшүнө көз жүгүртсөк, ыксыз, ылайыгы

жок же айрылып шалбырап турган көрнөк иштерди байкайбыз. Бул болсо мектеп имаратынын архитектуралык көрү-нүшүн бузуп жагымсыз маанай калтырат. Мындай учурда мектептердин архитектуралык түзүлүшүнө ылайыктап, жөнөкөй декоративдик каражаттар менен иштеген мектептин атрибути-калары аралашкан логотиптери, республикабыздын желеги, герби болгону дурус. Эгерде, мектепке ылайык болгон чакырыктар, лозунгдар керек болсо, анда алардын мазмуну өтө бат, кыска жана оңой окулууга тийиш. Колдонуучу жердиктер сөзсүз эле кызыл түстө болушу максатка ылайык эмес. Аны мектептин сырткы көрүнүшүнө, жалпы түсүнө байланыштырып, ачык - даана көрүнө турган түстөрдөн алса болот.

Айта кетчү нерсе, мектептердин бет маңдайы (фасады) ар түрдүү архитектуралык түзүлүшкө ээ. Бири симметриялуу, экинчиси симметриялуу эмес, композициялык түзүлүштөрү ар башка болгон учурлар кезигет. Жасалгалоонун негизги шарты мына ушул архитектуралык түзүлүшкө байла-ныштуу болот жана жасалгалоонун жал-пы мүнөзү менен мааниси келип чыгат.

Демек, жасалгалоону сөзсүз мектеп-тин архитектуралык өлчөмүнө, көлө-мүнө жана түзүлүшүнө жараша жүргүзүү зарыл.

Эми кайрадан мектептин ичине «интерьерге» кайрылалы. Азыркы учурда мектептердин ички бөлүгүнө түс маселеси боюнча чоң маани берилген. Түс – бул бирден - бир эң күчтүү интерьердеги мейкиндиктин чечилиши-нин каражаты болуп эсептелет. Түстүн жардамы менен класстардын, кабинет-тердин, лабораториялардын жана рекреациялардын кеңдигин, кууштугун же тардыгын дагы анын ачыктыгын, күңүрттүгүн, салтанаттуулугун же жөнөкөйлүгүнүн кубулуштары чечилет. Бул кубулуштардын чечилиши, балдардын физиологиялык жана психологиялык жактан илимий түрдө далилденген көрсөтмөлөрдүн негизинде жүргөзүлөт. Буларды туура пайдаланса окуучулардын окууга болгон жөндөм-дүүлүгүнө жана эс алуусуна жакшы шарт түзүлөт [4].

Кийинки учурда мектептин ичин ыгы жок талапка жооп бербеген кооздуктан баш тартып калышы, жасалгалоо - кооздугуна аз да болсо түшүнүктүн пайда болушу, эстетикалык ички дүйнөнүн кеңейгендигинин бир белгиси болууда. Класстардын жана кабинет-тердин ичиндеги кай бир буюмдардын, тетиктердин, ыгы жок жасалгалоонун азайышы интерьердин жеңилденишине, кеңейишине жана жөнөкөйлүүлүгүнө алып келет. Ошондуктан, илинген же коюлган нерселер, жасалгалар өз милдетин так аткарышы керек жана интерьерге жагымдуу көрк, кооздук берүү менен бирге окуучуларга көрсөтмө курал катары кызмат аткарышы зарыл.

Класс кабинеттеринин жумшак, назик түсүн сакташ үчүн жасалгалоого керектелүүчү, жердикте табигий өздүк түсүнө кошумча түстөрдү шайкештеп, өтө чеберчилик менен актоо керек. Жасалгалоого колдонуучу түстөрдү балдардын, б.а., окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша колдонуу абзел. Мисалы, ачык кызыл-тазыл түстөрдү башталгыч класстардын окуучуларына колдонуу ылайык. Жогорку класстын окуучуларына жумшак, назик түстөрдү интерьерге колдонуу алардын кулк - мүнөзүнө шайкеш келет. Бул куракта жогорку класстардын окуучулары мүнөзү токтоо тартып калган учуру болот. Ушул эле учурда түстөрдүн «жылуу» жана «суук» түрлөрүн эске алып мектептин түндүк жагындагы класстарга жана кабинет-терге «жылуу» түстөрдү, ал эми түштүк жагындагы класс кабинеттерге «суук» түстөрдү колдонуу зарыл. Себеби, бул ыкманы 1980-жылдары латвиялык окумуштулар илимий тажрыйбаларында аныктаган.

Эми аз да болсо мектептердин кээ бир кружок өтүлүүчү жайлардын (бөлмөлөрдүн) жасалгаларына көңүл бурсак: мисалы, ИЗО студиясынын жасалагалоо шарттары. ИЗО кружогу

өтүлүүчү бөлмөлөрдүн терезелери стандартка ылайык бөлмөнүн төбөсүндө болууга тийиш, бирок, көпчүлүк учурда мындай мүмкүнчүлүктөр боло бербейт. Ошондуктан студиянын терезеси түндүк - чыгыш тараптан орун алышы зарыл. Анткени бөлмөгө кирген жарык тегиз чачырап кирет, жана нерселердеги түстөр «өздүк түс» менен көрүнөт. Белгилүү өлчөмдө ар бир кружоктун катышуучуларына 2-2,5 кв.м. аянтча туура келет. Ошондо бөлмөнүн аянты 36 кв.м. болууга тийиш, б.а., бөлмө 6 х 6 м. болот. Мындан сырткары бөлмөдө суу түтүктөрү чоргосу менен, которуш-турууга ылайыкталган электрософиттер, мольберттер, отургучтар, натюрморт коюлуучу такталар жана буюм-тайындарды сактоочу шкафтар болушу талапка ылайык (5).



*1- сүрөт. ИЗО студиянын жалпы көрүнүшүнүн бир варианты берилген.*

Окуучуларга эң кызыктуу болгон дагы бир кружок – бул кинофотовидео кружогу болуп эсептелинет, анткени азыр ар-бир үй-бүлөдө бирден фотоаппарат же видеокамера бар. Аларды туура жана чыгармачылык менен пайдалануу башкы маселе. Ошондуктан окуучулар кинофотовидео кружогуна катышууга өтө куштар болушат. Мектептин шартында бул кружокту сөзсүз ачыш керек. Бул кружокко анча чоң эмес эки же үч бөлмөлүү жай туура болот.

Биринде кружок боюнча сабак өтсө, экинчисинде сүрөт, кино жаратышат ал эми үчүнчүсүндө болсо, даяр иштерди көргөзүшөт, көргөзмө уюштурушат. Бөлмөнүн ичи жылуу, жарык, абасы желдетилип турууга тийиш. Жасал-галарды түстөр «ортомчу» (нейтраль-ный) түстө болуусу зарыл. Анткени, фото сүрөттөрдүн түстөрү менен калган нерселердин түстөрү таймашпашы же атаандашпашы керек.



*2 - сүрөт. Киновидео кружогу өтүүчү бир бөлмөнүн көрүнүшү.*



*3 - сүрөт. Музыка кружогу өтүүчү бөлмөнүн жалпы көрүнүшү.*

Акырында айтарым мектептин интерьери - бул материалдык чөйрө экендиги баарыбызга белгилүү эмеспи. Ошондуктан, окуучуларга терең билим жана тарбия берүүдө интерьердин жасалгасы, кооздугу кошумча көмөк берерин да түшүнөбүз. Ыңгайлуу, кооз жасалгаланган мектептин ичи азыркы заманыбыздын бирден-бир максаты да. Жылуу, жарык, кенен кооз жасалгаланган, класстардын биринде олтуруп билим алган окуучулар үчүн да билим берген агай-эжейлер үчүн да эң мыкты ыңгайлуу түзүлгөн шарт болушу керек. Мындай ыңгайлуу шартта заманбапка ылайык жасалгалоо иштери окучу-лардын эстетикалык жактан өсүшүнө жана өнүгүшүнө, ой жүгүртүүсүнө жана көз караштарынын искусствого жана маданиятка болгон мамилесинин курчушуна таасир берет. Окуучулардын мектепке болгон көз караштары жана кооздоо-жасалгалоо иштерине активдүү катышышы, өз мектебин, эли-жерин сүйүүгө, окууга болгон мамилесин жакшыртат. Мугалимдер жамаатынын алкышына ээ болушат. Бул көрүнүш калган окуучуларга да жакшы сабак болоруна таасир берет.

**Адабияттар**

1. Астрова Т.Е., Нешумов Б.В. Цвет и свет в интерьере. –М., 1976.

2. Астрова Т.Е. Интерьер школы. -М., 1972.

3. Безродный П.П. Интерьер клубов и домов культуры. –М., 1965.

4. Зудов Д.Д. Художественное оформление школы. –М., 1965.

5. Рожденственский Б.П. О художественном оформлении школы. –М., 1963.